**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин «Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө» буйругунун долбооруна**
**МААЛЫМКАТ – НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Максат жана милдеттер**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин «Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө» буйругунун долбоору мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 345 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-декабрындагы № 548 «Кыргыз Республикасында жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу» токтомуна ылайык келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин «Унаа» мамлекеттик мекемеси (мындан ары – «Унаа» ММ) тарабынан иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтому менен бекитилген Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин (тизмегинин) 4-главасынын 85-89-пункттарына жана 6-главасынын 57-пунктуна ылайык «Унаа» ММ тарабынан төмөнкү мамлекеттик кызматтар көрсөтүлөт:

- транспорт каражаттарын башкаруу укугуна айдоочулук күбөлүктү берүү;
- өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды башкаруу укугуна тракторист-машинисттин айдоочулук күбөлүктү берүү;
- укукту күбөлөндүрүүчү документтерди, каттоо номердик белгилерин берүү менен автомототранспорт каражаттарына менчик укукту каттоо (кайра каттоо);
- укукту күбөлөндүрүүчү документтерди, каттоо номердик белгилерин берүү менен тракторлорго, трактордук чиркегичтерге, өзү жүрүүчү технологиялык машиналарга, ичинен күйүүчү кыймылдаткычы бар (опурталдуу өндүрүш объекттеринде колдонулуучу техникалык түзүлүштөрдөн башка) стационардык технологиялык түзүлүштөргө менчик укугун каттоо (кайра каттоо);
- транспорт каражаттар жана айдоочунун күбөлүктөрү тууралуу маалыматтарды тастыктоо;
- транспорт каражатын, түзүлүштү жана жабдууну ээликтен ажыратууга чектөөлөрдү коюу/алып салуу.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 345 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-декабрындагы № 548 «Кыргыз Республикасында жол

кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу» токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин карамагына өткөрүп берилген. Буга байланыштуу, ушул токтомго ылайык келтирүү максатында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттеринин долбоорлору иштелип чыкты.

«Транспорт каражаттарын башкаруу укугуна айдоочулук күбөлүктү берүү» мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентинин долбоору боюнча төмөнкү жаңы эрежелерди киргизүү сунушталат:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы № 819 токтому менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринин 18- жана 20-пункттарына ылайык, сынактык тапшырмалардын 18 жана андан ашык суроосуна жооп берген талапкер теориялык сынакты тапшырган болуп эсептелет. Теориялык сынакты тапшыра албаган талапкер практикалык сынакка киргизилбейт. Теориялык же практикалык сынакты кайрадан тапшыруу мурдагы сынак өткөрүлгөн күндөн тартып 10 күндөн эрте эмес дайындалат. Тапшырылган сынактардын жыйынтыгы терс болгондо, квалификациялык сынактарды тапшыруу аракеттеринин саны чектелбейт, алар «Унаа» ММдин кызматкерлери тарабынан бекер негизде жүргүзүлөт.

Талапкерлер жөнүндө маалыматтар «Айдоочулук курамды тестирлөө» автоматташтырылган маалыматтык системасына киргизилет, бул система квалификациялык сынакты тапшырган жана тапшырбаган талапкерлердин тизмесин автоматтык түрдө түзөт.

2022-жылдын 6 айында теория боюнча 288 577 квалификациялык сынактар берилип, алардын 22,44 пайызы гана же 64 741 адам сынакты тапшырды, 223 757 адам сынактан өткөн жок. Ошол эле мезгилдин ичинде практика боюнча сынакты 172 919 адам тапшырды, алардын ичинен 133 398 адам гана сынакты ийгиликтүү тапшырды, 39521 адам же 22,86 пайызы сынактан өткөн жок.

Айдоочулук күбөлүктөрдү алууга ниеттенген жана биринчи жолу тапшырып, квалификациялык сынактан ийгиликтүү өткөн талапкерлердин (мындан ары - талапкерлер) саны теориялык сынакты тапшырып жаткан адамдардын жалпы санынын төрттөн бир бөлүгүн түзөт.

Мында квалификациялык сынактарды өткөрүү үчүн «Унаа» ММдин 3 кызматкери туруктуу негизде иштеп, жогоруда аталган Эрежелерге ылайык убакытка өткөрүлгөн хронометражга жараша теориялык билим боюнча бир сынакты тапшырууга – 25 мүнөт, практикалык сынакты тапшырууга 20 мүнөт бөлүнөт, бирок кайрадан квалификациялык сынакты тапшырууга өтүнмөлөрүн берген талапкерлердин арасынан кээ бир талапкерлер белгиленген мөөнөттө сынакты тапшырууга келбей коёт.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу, кайрадан квалификациялык сынакка катышууда талапкерлердин жоопкерчилигин жана тартибин

жогорулатуу максатында, кайрадан квалификациялык сынакты тапшыруу үчүн акы алуу жөнүндө сунуш киргизилет.

«Транспорт каражаттар жана айдоочунун күбөлүктөрү тууралуу маалыматтарды тастыктоо» мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентинин долбоору боюнча төмөнкү жаңы эрежелерди киргизүү сунушталат.

Жарандардын Carcheck тиркеме аркылуу транспорт каражаттар тууралуу маалыматтарды алуу муктаждыгы өсүп бараткандыгына байланыштуу маалыматтар банкын модернизациялоо жана оптималдаштыруу зарылдыгы пайда болду. Бирок, автоматташтырылган маалыматтык системаларга техникалык колдоо көрсөтүү үчүн акы төлөнгөндүгүнө байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн акы төлөнүүчү тейлөөлөргө жана бекер тейлөөлөргө бөлүштүрүү керек.

Буга байланыштуу, долбоордо акы төлөнүүчү тейлөөлөр жана бекер тейлөөлөр сунушталууда, алар монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча автомототранспорт каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды каттоо тармагында мамлекеттик саясатты иште чыккан ыйгарым укуктуу органдын (Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин) буйругу менен аныкталат:

- суроо-талабында көрсөтүлгөн транспорт каражатынын мамлекеттик каттоо номердик белгиси (бекер);
- арызда көрсөтүлгөн транспорт каражатынын мамлекеттик номуру;
- транспорт каражатынын маркасы;
- транспорт каражатынын үлгүсү;
- транспорт каражатынын түсү;
- транспорт каражатынын чыгарылган жылы;
- транспорт каражатынын кыймылдаткычынын көлөмү;
- транспорт каражатынын рулунун жайгашкан жери;
- камакка алууда/күрөөдө транспорт каражатынын турган жери жөнүндө маалымат (камакка алынгандардын/күрөөлөрдүн болушу жана саны);
- транспорт каражаты тарабынан жасалган бузуулар үчүн айыптар жөнүндө маалымат (айыптардын бар экендиги жана саны);
- транспорт каражатынын ээсинин/ээлеринин белгилүү бир мезгил ичиндеги тарыхы (ээлердин саны).

**3. Күтүлгөн социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Буйруктун ушул долбоорунун кабыл алынышы терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун натыйжалары жөнүндө маалымат**

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, буйруктун

аталган долбоору Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин расмий сайтында жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келүүсүн талдоо**

Буйруктун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине каршы чыкпайт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Буйруктун бул долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуу таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор ишкерчилик ишмердүүлүккө таасир тийгизбейт, ошондуктан жөнгө салуу таасири талдоого жатпайт.

**Министр** **У.О. Ниязбеков**